# САГЫНДЫРГАН САРМЕРДЕН

**Сөзү: Мөөркан Мамыркулованыкы**

**Кылым карыткан элимдин,**

**Салт-санаасы көрүнгөн.**

**Жаңылмач, макал-лакап, бий,**

**Энчилеп бизге берилген.**

**Сагынып күтүп, эл көргөн,**

**Кыз-жигит курган сармерден.**

**Аталар жолун жолдогон,**

**Айтышып жаштар оң-солдон.**

**Көңүлдү көккө көтөрүп,**

**Комузу колдо ойногон.**

**Сыналгы дайым көрсөтүп,**

**Жаштарды элим колдогон.**

**Аталар берип батасын,**

**Кыргыз эл гүлдөп жашасын.**

**Сармерден салтты улаган,**

**Жаштарды көрүп кубанам.**

**Умай эне жандасын,**

**Кыдыр ата колдосун.**

**Кыз-жигит курган сармерден,**

**Сагынып күтүп, эл көргөн.**

**Кыргыз салты -- эр эңмей, улак тартмай, кыз куумай,**

**Ак чөлмөк, жоолук таштамай,**

**Кыргыздын сүйгөн оюну ай!**